УДК 81.(004.855.4)
DOI 10.33514/1694-7851-2020-3-20-25

**Сариева К.**
филос. и.д., КР УИАсынын академик А.А.Алтмышбаев атындагы ФУжССИ институнун илимдердин философиясы жана методологиясы бөлүмүнүн башчысы
**Сариева К.**
д.филос.н., заведующий отделом философии и методологии наук Института ФПи СПИ им. академика А.А. Альтмышбаева НАН КР
**Sarieva K.**
doc.Phil, head of the Department of Philosophy and Methodology of Sciences at the Institute of philosophy, law and socio-political researches named academician A.A. Altmyshbaeva NAS KR
**e - mail:** kalbubu.sarieva@mail.ru

# ИЛИМПОЗ ЖАНА КООМ
# УЧЕНЫЙ И ОБЩЕСТВО
# SCIENTIST AND SOCIETY

**Аннотация:** Макалада философ Т.Аскаровдун өмүрү, чыгармачылыгы, илимий жолу баяндалат. Анын инсан, окумуштуу жана коомдук ишмер катары калыптанышында коммунисттик партиянын ролу көрсөтүлүп, эмгек жолу үч этапка бөлүп каралат. Ар бир этаптагы чыгармачылыгынын эволюциясы көрсөтүлөт.

**Негизги сөздөр:** инсан, чыгармачылык, изденүү, жазуучу, социалдык, интеллектуалдык, шарттуулук, эстетика, көркөм адабият, идеология, компартия.

**Аннотация:** Статья посвящена жизни, работе и исследовательским интересам философа Т. Аскарова. В статье исследуется роль коммунистической партии в развитии и формировании его характера и личности, а также показано, как коммунистическая партия разделяла его как исследователя и общественного деятеля. Его профессиональная жизнь в общих чертах разделена на три отдельных этапа, и каждый этап представлен через развитие его творческих работ.

**Ключевые слова**: личность, творчество, поиск, писатель, социальный, интеллектуальный, обусловленность, эстетика, литература, идеология, коммунистическая партия.

**Abstract:** The paper focuses on the life, work and research interests of philosopher T. Askarov. The article examines the role of the communist party on the development and formation of his character and personality, and illustrates how the communist party shared him as a researcher and a social activist. His professional life is broadly divided into three distinct stages and each stage is presented through the evolution of his creative works.

**Key words:** personality, creativity, quest, writer, social, intellectual, conditionality, aesthetics, literature, ideology, communist party.

Адатта илимпоз жөнүндө макалалар анын өмүр жолунун контурун көрсөтүп, илимий эмгектеринин коментарийлеген талдоолордон, илимге кошкон салымын бөлүп көрсөтүп, айрыкча көзү өткөндөн соң көкөлөтө баалоолордон турат. Башкача айтканда анын илимий чыгармачылыгынын чийинен чыга бербейт. Бул жагынан алганда илимий чыгармачылык илимпоздун ички дүйнөсү, тагдыры менен байланышпагандай, анын адамдык өмүрү бир жактуу, супсак, кунарсыз өткөндөй чагылдырат. Бирок, буга чейинки Т. Аскаровдун көзү

тирүүсүндө өткөн маарекелик жыйындарда көргөн, укканыбыз боюнча анын жеке сапаттары: сыпаалыгы, келишимдүү бой-келбети, интеллектуалдуулугу, салабаттуулугу, үлгүлүү жүрүм-туруму жөнүндө сөз басымдуу болуп кетчү.

Ооба, ал ошондой өзгөчө адам эле. Суктанчуубуз, ошондой инсан менен ийиндеш иштеп, жакындан билгенибизге сыймыктанчубуз. Илим чөйрөсүнөн сыртта маданият тармагынын аттуу-баштуу өкүлдөрү менен кездешүүлөрдө философия институтунда иштээрим жөнүндө айтсам: “Теңдик жүрөбү?”- деп. өзгөчө жылуу ырай, ызат менен сурап калышчу. Мындан биз бийик деңгээлде бир инсан аркылуу биригип тургандай ылымсып калчубуз. Ошентип, биз көргөн, биз билген, кызматташкан адам – философ илимпоз, Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, КР Улуттук илимдер академиясынын мүчө-корреспонденти, коомдук ишмер, бүтүндөй алганда чыгармачыл инсан - Т. Аскаровду толук таанып, түшүнө алдыкпы жокпу, ал өзүнүн айтаарын айтып, жазаарын жазып, мүмкүндүгүн толук ачып үлгүрдүбү деген ой келет. Андыктан, илимий жыйнактын чен-өлчөмүнө, тартибине сыйбай баратса да ушул багытта серептеп көрөлү деп турабыз. Мындайда көркөм чыгармачыл адамдарда бир артыкчылык бар, башкаларга айталбаган, күндөлүк ишмердигинде көрүнбөгөн, башкага байкалбаган чыныгы ой-туюмдарын, ички сезимдеринин уйгу-туйгуларын акын Алыкул айткандай “бир да жолу жалган айталбаган” чыгармаларына сүртүп кетет. Ошондуктан өнөр адамдарынын дүйнөгө, коомго, адамга, өзүнө карата мамилеси жөнүндө чындыкты алардын чыгармаларынан табабыз.

Илимий эмгектен инсандын көз карашын, тутунган турумун тапканыбыз менен жеке ички-туюмдарын таба албайбыз. Ошентсе да, Аскаров жөнүндө суроолорубузга жооп табуу үчүн биз деле макалабызды өмүр баянга, эмгек жолуна кайрылуу салттынан баштайбыз.

Т.Аскаров эмгек жолун 1960-жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин филология факультетин аяктаган соң, ошол эле жылы Кыргыз ССРинин Илимдер академиясынын Философия жана укук институтунун аспирантурасына кабыл алынып (1960-1963), илим жолуна түшөт. Бул багытка ага чейин эле башталган чыгармачылыгы, студент кезден элге тааныткан адабий сындары аркылуу келип кошулган. 1964-жылы “Адабияттагы көркөм шарттуулуктун эстетикалык табияты” деген темада кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү коргогон [9, 126-б.]. Илимдеги алгачкы кадамдары жараткан ишеним анын 1967-жылдан баштап ”Кыргызстан маданияты” гезитинн редакторунун орун басары болуп иштөөсүнө өбөлгө болот. “Кыргызстан маданияты” жумалыгында бул жылдары адабий чыгармалардын эстетикалык татымын көрсөтүүгө, кыргыз адабий сынын өнүктүрүүгө арымдуу кадамдар ташталган. Ага себеп жумалыктын бетинде ушул багыттагы талкуулар уюштурулуп, туруктуу рубрикалар алдында материалдар байма-бай жарыяланып турган. Ага ошол мезгилдеги адабиятчы теоретиктер гана эмес, таланттуу акын-жазуучулар, журналисттер жана аларды даярдап чыгарган бирден-бир алдыңкы өнөр мектеби болуп таанылган Кыргыз мамлекеттик университетинин тил-адабияты факультетинин студенттери да тартылчу. Ошол жылдары КМУнун ушул факультетинин алдында адабий ийримден сынчылардын, адабиятчылардын чоң тобу өсүп чыкты. Бул да болсо адабияттын оош-кыйыштарына көңүлдү бурган бийик трибуна болгон “Кыргызстан маданиятынын”, анда жигердүү иштеп жаткан Т.Аскаровдун таасири менен кыргыз адабияттынын проблемаларына көп көңүлдү бургандын натыйжасы болгондур. Т.Аскаров “Кыргызстан маданиятынан” соң Кыргызстан КП БКда пропаганда жана агитация бөлүм башчысынын орун басарылыгына тандалып, анда 1971-жылга чейин эмгектенет. 1972-жылы “Высокое призвание критики” деген китебин чыгарат.

Бул жылдар анын чыгармачылыгын бир этабын түзүп, илимпоз гана эмес жетекчи катары, партиялык-советтик кызматкер катары жетилишинин мектеби болду. Идиректүү жаш илимпозду ал учурдагы социалдык түзүлүштүн башкы флагманы болгон Коммунисттик партия өз катарына алып, идеологиясына каныктырып, коммунистик идеядан тайбай, коомго кызмат кылгандардын алдыңкы сабына кошту. Табиятынан тыкан, өз ишине так, көп окуган Теңдик Аскаров, чыгармачылык ишмердигинин алгачкы бул баскычында, советтик-парийалык кызматкердин этикеттерин өздөштүрүп, ишенимди актоонун, ишке берилгендиктин үлгүсүн көрсөтүп чыга келди.

Аскаровдун эмгек жолунун экинчи бир этабы - 1971-1986-жылдары маданияттын кайнар булагы, советтик идеологиянын кубаттуу куралы болгон жаратман чыгармачыл уюмду - Кыргызстан Жазуучулар союзун өз алдынча жетектеп, биринчи катчы, ошол эле учурда автоматтык түрдө көп улуттуу СССР Жазуучулар союзунун катчысы болуп иштеп турган учуру болду. Бул жылдар кыргыз профессионал адабияты алгачкы акын-жазуучуларга мүнөздүү болгон фольклордун таасиринен, ар бир калемгер бардык жанрларда чыгарма жарата берген универсалдуулуктан арылган учур эле. Табият тартуулаган талант даремети бар жаратмандар топтон суурулуп чыгып, чыгарма жазууга негиз болгон теориялык даярдыктан өтүп, дүйнөлүк жана орус адабиятынын сонун үлгүлөрү менен кеңири таанышкан, тигил же бул жанрда өз чеберчилигин көрсөтүүнүн үстүндө белсене иштеп, кыргыз адабиятын гүлдөтүп турган мезгили болчу. Т.Аскаров кыргыз адабиятынын алтын фондуна кирген, классикалык чыгармалардын жаратуучулары: А.Токомбаев, Т.Сыдыкбеков, Т.Касымбеков, Ж.Мавлянов, Ч.Айтматов, Ш.Абдыраманов, С.Эралиев, С. Жусуев, Б. Сарногоев, К.Бобулов, Ж. Садыков, О.Султанов, Б. Жакиев, М. Байжиев, М.Абылкасымова, М.Буларкиева, С.Абдыкадырова, Г.Момунова, М.Гапаров, С.Тургунбаев. Т.Кожомбердиев, Ж. Мамытов сыяктуу улуу-кичүү күрдөөлдүү топту жетектеп турду. Бул мезгилдеги Ч. Айтматов баш болгон кыргыз жазуучуларынын чыгармаларынын деңгээли СССР элдеринин эле эмес, бүткүл дүйнөнүн көңүлүн буруп турган. Жазуучулардын ой-пикири коомдук аң-сезимге багыт берүүчү таасирдүү күч болгон алтын доору келип, мамлекеттик бийлик жазуучулардын үнүн угуп, этият мамиле жасап, эсептешүүгө аргасыз эле, ошол эле учурда идеологиясын ишке ашырууда аларды пайдаланып, жалпысынан сергектик менен сереп салып колдоп, тескеп турган. Мындай учурда чыгармачыл чөйрөнүн табиятын жакшы түшүнгөн, ошол эле учурда мамлекеттин, партиянын саясатын да аркалай билген жетекчи керек болчу. Т. Аскаров эки тарапка тең беделдүү өз кишиси катары эки жактын максат-мүдөөсүн айкалыштырып, тең салмакты сактоо менен иш алып барды. Ушул жылдардагы изденүүлөрүнүн натыйжасы иретинде “Восхождение к зрелости” (1976) деген китеби жарык көргөн.

Чыгармачылыгынын бул баскычында коомдук ишмер катары: Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин 4-жолку чакырылышынын депутаты, 1980-1985-жж. Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин төрагасы, Кыргызстан КП БКнын мүчөсү болуп шайланып, тиешелүү милдеттерди аткарды. Мындай чоң жоопкерчиликтүү иштерде Т.Аскаров дайыма Коммунисттик париянын Борбордук Комитети, анын биринчи катчысы Т.Усубалиев менен тыкыс байланышта болгон. Бул урмат-сый, өз ара жылуу мамиле карым-катыш, бири-бирин колдоону ошол учурдун жүзүн, андагы бир чыгармачыл Союздун катчысынын образын көрсөткөн айрым бир көркөм чыгармаларда [Караңыз: 7, 121-б.] чагылдырылды. Реалдуу турмушта, Т.Аскаровдун өзүнө таалим тарбия көрсөткөн жетекчиге мындай сый, жакындык кийин аталган инсандар экөө тең ал кызматтардан кеткенден соңку эгемендүүлүк жылдарында да сакталып кала бергенин көрдүк. Тамыры элетте болгон менен борбор калаадагы атактуу № 5 мектеп-интернаттан окуп, бапырап-тапыраган кыргыз турмушунан оолакта өскөн

балалыгынан баштап, Теңдик Аскаров жаш кезинен аралашкан, өзүнө тагылган абройлуу кызматтардын жүгү, коммунистик-парияльк кызматчыга коюлган талаптар тууганчыл, жердешчил кыргызчылык мүнөз-сапаттардан оолактатып койгон. Анын коммунисттик коомдун нормаларына ылайык идеалдуу, түз жүргөн, элет турмушу, карапайым калк менен мамыр-жумур аралашпаган, бир мүнөздүү өзгөчөлүгү мына ушундай себептер менен шартталган. Т. Аскаровдун бүткүл ийгиликтеринин негизи, чыгармачылык ишмердиги үчүн башка эч бир чөйрөдөн табылгыс жагымдуу жагдай, жылуу маанай үйдө түзүлгөн. Аны жараткан өмүрлүк жары жөнүндө сөз башка бир узун баяндын объектиси болоор эле.

Т. Аскаровдун өмүр жолундагы экинчи этабы деп биз белгилеген ушул мезгилде илимий изилдөөчүлүк иштен кыйла четтегени байкалат. Анткен менен далай жыйындарда кыргыз адабий-кубулуштарынын диалектикасын талдап, баасын берип, өнүгүү мыйзам ченемдерин ачып, эстетикалык татымын баалоого түздөн-түз катышып, түрдүү адабий чыгармаларды талкууларды жетектеп, андагы талаш-тартыштардын чордонунда жүргөн. Чыгармачыл адамдардын арасындагы тез-тез боло жүргөн пикир келишпестиктерде, күрөштөрдө адилеттүү чечилишке жетишүүнү камсыз кылууда өзүнүн объективдүүлүгүн, принципиалдуулугун көрсөтө алган. Кийин Философия инситутунда иштеп жүргөндө андай учурларды, же тигиндей-мындай имиштердин учун-улап сурап калганыбызда өзүнүн ошол учурдагы кол жазмаларын алып келип, өз позициясы кандай болгонун көрсөтчү. Анда качанкы бир кол жазмаларын сактап жүргөнү таң калыштуу туюлчу. Көрсө, андагы ойлорун, идеяларын чыгармачылыгынын бир учурунда пайдаланууну көздөгөн болуу керек. Биздин баамыбызда жогорудагыдай чоң жоопкерчилик бул жылдары аны илимий мүмкүндүктөрүн толук ачууга кедерги болгон.

XX кылымдын 80-жылдарынын экинчи жарымынан баштап Кайра куруунун желаргысы согуп, тоталитардык-админстративдик системанын ченине сыйбаган: эне тилинде эркин сүйлөп, билим алууну, эркин ой-жүгүртүүнү, улуттук салт-санаанын асыл-нарктарын баалоону, борбор калаада кыргыз мектептерди ачуу проблемасын көтөргөн өзүн-өзү аңдап билүү ойгоно баштаганда, түпкүрүндөгү эгемендүү эл болууну кыялдангандардын сап башында турган жазуучулар коммунисттик коомдун үлгүсү менен иш алып барган Т.Аскаровдун иштөө системасын танды. Заман ары-бери чайкалып турган учурда Т.Аскаров да бир аз согулуп-кагылууга туш болду. Ишти жаңыча уюштурууну, кошундун иш системасын жаңыртууну талап кылды.

Мына ушундай жагдайдан келип, эгемендүүлүк жылдарында Теңдик Аскаровдун чыгармачылыгынын үчүнчү бөлүгү, 1986-жылдан баштап илимий чөйрөдө, илимдин чордону болгон кыргыз Улуттук илимдер академиясында уланды. Бул учурда тескерисинче, бир катар илимпоздор бийликтен, байлыктан өзүнө жылуу орун издеп, бактысын сынап жүргөн учур эле. Ал андай кадамдарга барган жок. Анын табияты башка экен. Биринчиден, буга чейинки эмгек жолунда коомдун назарына илинип, бийлик тарабынан сунуш түшүп, чакырылганда гана кызмат орун которбосо, кызматка өзү жулунуп аракет жасабаган мүнөзү себеп болгондой. Бийликке болсо Т.Аскаровдун берилгендик менен талапка так жооп бергени жаккандыктан, назарынан чыгарбай, жоопту бир тизмекти берип көз салып келген. Бүтүндөй СССРдин аймагында болуп өткөн саясий-социалдык өзгөрүүлөрдөн соң, мурдагы республиканы башкарып турган биринчи адамдын ишенимдүү кишисин, эски системанын өкүлүн жаңы түзүлүш дароо мурдагыдай сый-урмат менен кабыл албасын түшүнгөн болуу керек. Болбосо Т. Аскаров өзү кааласа, эгемендүүлүк шартында коомдук саясий иштерге аралашкысы келсе анын мүмкүндүктөрү бар болуучу. Жогоруда биз белгилеп кеткендей анын шакирттери, ал учурда мамлекеттик беделдүү кызматтарды аркалап турган академик А. Эркебаевге, О. Ибраимовго кадырын салып барса болмок. Бирок, ал анткен жок. Бул учурда

илимдин кадыр-баркы төмөндөп, айлык акысы да жашоо турмушту толук канаатандырбаганга карабай Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Философия жана укук илим изилдөө институтунда илимпоздук ишин улантууга белсенип киришти.

Бирок, эч качан жашап жаткан мезгилге, кейип-ноюган, нааразылык билдирген жок. Мындай шартта элдин баары эле саясатты талдап бийликтин иш-аракетин сындоого маш болуп кеткен. Т.Аскаров эч качан мындай ээн-ооз сүйлөп, ар ким айта берчүү талкууларды баштап же кошулуп эмоцияга алдырчу эмес. Илимде гана окумуштуулар кеңешинде, же адистер кеңешинде талкууларда илимий изилдөөлөргө ичи чыкпаган учурларда, изилдөөнүн кенемтесин жалпылап айтып, ичинде жаткан бугун чыгара буркулдап (курбусу Нуркемел Кулматов айткандай "акшыңдап"), марксизмдин, ленинизмдин окууларына көңүл бурулбай жатканын кошумчалап калчу.

Ушул жерде Т. Аскаровду теңтуштары М. К. Абдылдаев, Н. Кулматов үчөөнүн бири-бирин толуктап турган "үчтүгүнөн" бөлүп элестетүүгө болбостугун айтпай кое албайбыз. Бул үчөөнүн ичинен М.К. Абдылдаев өткүр, эркин сүйлөп, эркин тамашалап беркиэкөөнө кыргыйдай тийчү. Н. Кулматов болсо, бирде тамашага күлкүлүү жоопторун айтып, бирде өзү чабуулга өтө калып, чый-пыйы чыгып турчу. А Теңдик агай мында да кебелбей, жылмайып коюп, кээде гана тигилепрдин бизге түшүнүксүз чабуулдарына түшүндүрмө берип, жооп кайтарганы болбосо. кебелбей туруштук берчү.

Илимде илимий кеңештин, атайын адисттер кеңешинин мүчөсү катары, жаш окумуштууларды даярдоого салым кошту. Бирок, өзүнүн мектебин, эстетика адистиги багытын кеңири жайылтып кете албады. Балким, анын адистикке койгон талабы катуулугунандчыр. Же, бул жалпы эле ошол кезде социалдык саясий-чөйрөдө кылтыйып, өзүнөн-өзү эле өнүп чыга келген отоо чөптөй коррупция кубулушу, илимий чөйрөдө да тамыр ала баштаганы менен байланыштуудур. Коррупциянын үрөнү кайдан, кантип илимидин чөйрөсүнө себилип, тамыр алып, кылтыйып чыгып келе жатканын илимпоздор өздөрү да байкашкан жок. Т.Аскаровдун табияты андай тамырлар менен чырмалышып кете алмак эмес. Анткени анын табияты жеке өзөктөн өсүп, өз өзгөчөлүгүн сактап, ошонусу менен айлана тегерегинен айырмаланып, башкалардын камкордугуна алынган өсүмдүктөй экен, Мындай табияттагылар бири-бири менен чырмалышып, тамыр талашып, жанындагысы менен теңтайлаш өсүп, же кысып жок кылган жапайы жаратылыштан көрө, өзү көбүрөөк камкордукка, көңүл буруга, айла-тегергин чырмап, кысып келе жаткан тамырлардан кимдир бирөөлөрдүн тазалап, бошотуп, көз салып туруусуна муктаж. Т. Аскаров ушундай, анын өзгөчөлүгүн көрө билип, бапестеп өз идеологиясына пайдалана билген коммунисттик системанын, андагы таасирдүү адамдардын камкордугуна алынып, колдоосуна ээ болгон инсан болчу. Биздин баамдашыбызча эгемендүүлүк шартындагы ар кими өзү күнгө карай умтулуп өскөн жапай күрөш Т.Аскаров үчүн жагымдуу жагдай, климат болуп бере албады.

Ошондуктан ал илимий эмгектерди жаратуу менен өзүнүн чыныгы жүзүн, өзүнүн мүмкүндүгүн көрсөтүүгө аракеттенди. Аскаров Т. "Образдуу ой жүгүртүүнүн чексиздиги" (2001), "Кыргыз философиясы (X-XX1 кк.)" Окуу курал. (Жаныбеков Ж., Н. Кулматов. менен авторлош 2006), "Поиск абсолюта – творческое кредо Чингиза Айтматова" (2010), "Элдик философия: башаты жана баскан жолу" (2017) деген негизи эмгектерин ушул мезгилде жазды. Соңку "Элдик философия: башаты жана баскан жолу" (Б.:2017.- 158-б.) деген эмгегинде жалпы эстетика тарыхынын тутумунда кыргыз элинин эстетикасынын өнүгүү эволюциясын ачып берди.

Өмүрүнүн соңуна чейин марксизмдин идеяларына сугарылган, коммунисттик моралдын, адеп-ахлакты алып жүрүүчүсү бойдон кала берди. Коммунисттик идеялардан тайбаганын көрсөтү.

**Пайдаланылган адабияттар:**


1. Аскаров Т. Эстетическая природа художественной условности. -Ф.: Илим 1966.-156.
2. Аскаров Т. Образдуу ой жүгүртүүнүн чексиздиги. –Б.:Кыргызстан, 2001.-128 б.
3. Аскаров Т., Жаныбеков Ж., Н. Кулматов. Кыргыз философиясы (X-XX1 кк.) окуу куралы. –Ош.,2006.-200 б.
4. Т.А.Аскаров, Ы.М. Мукасов. Роль художественного наследия кыргызов в познании социокультурного процесса.- Б.: Илим, 2008.-153 с.
5. Аскаров Т. Поиск абсолюта – творческое кредо Чингиза Айтматова. – Б.:2010.-206 с.
6. Аскаров Т. Элдик философия: башаты жана баскан жолу. – Б.:2017.- 158 б.
7. Жетимишев С.Эл арасында (Жаңы кумарчы) Роман.-Экинчи китеп.- Б: Бийиктик, 2007.- 480 б.
8. Ибраимов О. История кыргызкой литературы XX века: (том второй). – Б.: “Бийиктик”, 2013. – 512 с.
9. Кыргыз Республикасынын жазуучулары: Маалымдама.1-том. –Б. Дэми, 2008.-73 6.


**Рецензент: филос.и.д., профессор Саралаев Н.К.**


УДК:316.35.
DOI 10.33514/1694-7851-2020-3-25-28



**Жунушова Г. М.**
Филос.и.к., КР УИАнын А. А. Алтымышбаев атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөөлөр институту
**Жунушова Г. М.**
к.филос. н., Социальной философии, эстетики и этики
Института философии, права и социально-политических исследований им. А. А. Алтмышбаева НАН КР
**Zhunushova G. M.**
cand.philos.s., Social philosophy, aesthetics and ethics
Institute of philosophy, law and socio-political researches named after A. A. Altymyshbaev
**e - mail:** junushova2018@mail.ru


## ЧЫГААН ИЛИМПОЗ, ЧЫНЫГЫ ЭСТЕТ ЭЛЕ
## ИЗВЕСТНЫЙНЫЙ УЧЕНЫЙ И ИСТИННЫЙ ЭСТЕТ
## FAMOUS SCIENTIST AND TRUE ESTHETE


**Аннотация:** Макала эстетик-философ, таланттуу сынчы катары кыргыз илиминде ъчпъс изин калтырган белгилүү окумуштуу Т.Аскаровдун элесине арналат.



**Негизги сөздөр:** эстетика, илим, адабий сын, эстетикалык табит, идея.



**Аннотация:** Статья посвящается известному ученому и талантливому критику Т. Аскарову, который оставил яркий след в кыргызской философской науке.



**Ключевые слова:** наука, этический вкус, идея, эстетика, художественная критика.